735

**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы**
**директорунун биринчи орун басары**
**Джусупова Дж. Дж.** ________________
**«17» март 2017 - ж.**

**ДАРЫ КАРАЖАТТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА**

**ДИСМЕНОРМ**
**(DYSMENORM®)**

**Каттоо номери**________________

**Соодадагы аталышы:** Дисменорм/Dysmenorm®

**Эл аралык патенттелбеген аталышы (ЭПА):** жок

**Курамы**
1 таблеткада (250 мг) төмөнкүлөр камтылган:
*Активдүү заттар:* Agnus castus (касиеттүү Витекс) Ø 125 мг (кургаган калдык 1 мг), Apis mellifica (балдуу аары) D3 25 мг, Pulsatilla pratensis (нурлуу кундуз гүл) D3 25 мг, Rosmarinus officinalis (дарылык розмарин) D2 25 мг;
*Көмөкчү заттар:* лактоза моногидраты, буудайдын крахмалы, магний стеараты.

**Сүрөттөмөсү**
Ак же дээрлик агыш, кээде өзүнчө тактары бар, четтери кертилген жана жеңил жыпар жыты бар, эки тарабы жалпак таблеткалар.

**Дарынын түрү**
Таблеткалар.

**Фармадарылык тобу**
Гомеопатиялык дары каражаты.

**Фармакологиялык касиеттер**

Гомеопатиялык дарылоо ооруну түшүнүү жана дарылык субстанцияларды колдонуу боюнча салттык медицинадан кескин түрдө айырмаланат. Гомеопатиялык каражаттар организмдин өзүнүн коргоочу күчтөрүн күчөтүшөт жана анын өзүн-өзү айыктыруу дарманын активдештирет. Организмдин гомеопатиялык каражатка жообу жеке түрдө болот. Ошондуктан дозоспецификалык фармакологиялык натыйжалуу таасирлерди, фармакодинамикалык же фармакокинетикалык маалыматтарды аныктоого мүмкүн эмес.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Айызга чейинки синдром жана белгилүү бир тартиптеги эмес айыздар сыяктуу айыз циклинин бузулуулары.

**Дозалоо тартиби жана колдонуу жолу**

Дозалоо тартиби**:**

12 жаштан жогорку курактагы балдар жана чоңдор: күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алуу. Абал жакшы болуп калганда дарыны кабыл алуунун жыштыгын азайтуу керек.

Колдонуу жолу:

Таблеткаларды тамактанууга жарым саат калганда же тамактануудан жарым саат өткөндөн кийин кабыл алуу керек, алардын ооздо акырындык менен эрип кетүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү керек. Керек болгон учурда таблетканы көп эмес өлчөмдөгү сууга эритүүгө болот (мисалы, чай кашыкта).

**Кыйыр таасирлери.**

Абдан сейрек (<1/10000) же белгисиз (бар болгон маалыматтар боюнча жыштыгын баамдоого мүмкүн эмес): Agnus castus камтыган дары каражаттарды кабыл алууда баш оору, баш айлануу; көңүл айнуу жана абдоминалдык оору сыяктуу ичеги-карын жолу тарабынан бузулуулар, безетки бөртмөсү жана айыз циклинин бузулуусу сыяктуу көрүнүштөр пайда болушу мүмкүн. Ошондой эле тери чыбырчыктоолору, бөрү жатыш (кычыштырган ыйлаакчалардын пайда болушу) түрүндөгү жогорку сезимталдуулук реакциялары, жана беттин ткандарынын шишимиги, демигүү жана жуткан учурдагы оордошуулар менен коштолгон жогорку оордук даражасындагы реакциялар жөнүндө маалыматтар бар. Мындай учурларда дарыны колдонууну токтотуп, дарыгерге кайрылуу керек.

**Эскертүү**: Гомеопатиялык дары каражаттарды колдонууда алгач баштапкы начарлоо пайда болушу мүмкүн. Бул учурда дарыны кабыл алууну токтотуп дарыгер менен кеңешүү керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Аарынын уусунун токсиндерине же дарынын бардык башка курамдык бөлүктөрүнө белгилүү болгон жогорку сезимталдуулук, бала эмизүү, эстроген-көз каранды шишиктер же гипофиздин шишиктери.

**Ашыкча доза**

Аныкталган эмес.

**Өзгөчө алдын ала эскертүүлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**
Бул дары лактозаны жана буудайдын крахмалын камтыйт. Сейрек тукум-куучулук галактозалык көтөрө албастыгы, лактазанын жетишсиздиги же глюкоза-галактоза мальабсорбция синдрому бар бейтаптарга бул дарыны кабыл алууга болбойт. Буудайдын крахмалы аз өлчөмдөрдө глютенди камтышы мүмкүн, ошондуктан целиакиясы бар адамдарга коопсуз болуп саналат. Буудайга аллергиясы бар бейтаптарга (целиакиядан айырмаланат) бул дарыны кабыл алууга болбойт. Курч абал жакшырбай же оордошуп баратса, же кошумча арыздануулар пайда болсо дарыгердин кеңеши керек болот.

**Балдар**
Клиникалык маалыматтар жетишсиз болгондуктан 12 жашка чейинки балдарга колдонууга болбойт.

**Кош бойлуулук жана эмизүү мезгилинде колдонуу**
Дисменорм кош бойлуулук мезгилинде каршы көрсөтүлгөн. Agnus castus активдүү курамдык бөлүктөн улам, дарыны бала эмизүү мезгилинде колдонууга каршы көрсөтүлгөн.

**Увто унааны башкарууда жана башка механизмдер менен иштөө учурунда реакциянын ылдамдыгына таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгү.** Таасирин тийгизбейт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Agnus castus активдүү затынын мүмкүн болгон дофаминергиялык жана эстрогендик натыйжалуу таасирлеринен улам, бул дары дофаминагонисттер, дофаминантагонисттер, эстрогендер жана антиэстрогендер менен өз ара таасир көрсөтүшү мүмкүн.
Бардык башка дары каражаттары менен коштоп колдонуу керек болгон учурда дарыгер менен кеңешүү керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
5 жыл. Таңгакчада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарты**
Өзүнүн таңгакчасында 25 ˚С дан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгакча.**
Флакондо 80 таблеткадан. 1 флакон медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен кошо картон кутучага таңгакталат.

**Дарыканалардан чыгаруу шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү-мекеме**

Дойче Хомеопати-Унион ДХУ-Арцнаймиттель ГмбХ & Ко. КГ
Оттоштрассе 24, 76227 Карлсруэ, Германия.
Тел. +49 (721) 40 93 236

Deutsche Homöopathie-Union DHU-Arzneimittel GmbH & Co. KG
Ottostrasse 24, 76227 Karlsruhe, Germany.
tel. +49 (721) 40 93 236